**№31 мектеп-гимназиясынын кыргыз тили жана адабияты мугалими Жайылганова Назира Мурзабеовнанын « Биздин үй”- луу мүчөсү темасына сабактын анализи.**

4 а классында 15 бала окуйт. Бүгүнкү сабакка 15 бала катышты.

4 а классынын окуучуларынын билим деңгээли жалпысынан орто. Бул класста предметти жакшы да, начар да өздөштүргөн окуучулар бар.

Сабак жаңы теманы өздөштүрүү максатында жүргүзүлдү. Сабактын планын иштеп чыгууда окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрү эске алынган.

Календарлык план боюнча 1 саат бөлүнгөн.

Бул сабакта төмөнкүдөй максаттар коюлган:

**Билим берүүчүлүк:** Окуучуларга» Биздин үй » деген тема аркылуу сөз айкаштарын түшүшдүрүп берүү.

**Өнүктүрүүчүлүк:**Окуучулардын үй буюмдарына байланышкан сөз байлыктарын өстүрүү.

**Тарбия берүүчүлүк:** Үй буюмдарына аяр жана сарамжалдуу мамиле кылууга тарбиялоо

Сабакта төмөнкүдөй ресурс колдонулду: интерактивдүү доска

Сабактын тиби: жаңы теманы түшүндүрүү сабагы

Сабакта колдонулган ыкмалар: көрсөтмөлүү, практикалык иштерди аткарышты.

Сабактын формасы: жекече иштери жүргүзүлдү. Окутуу каражаттарынын көрсөтмөлүү техникалык, дидактикалык окутуу каражаттары колдонулду

Сабактын фрагменти төмөнкүдөй этаптардан турду:

Уюштурууда окуучуларды иш тартиби менен тааныштыруу жүргүзүлдү. Жекече иштөөдө окуучулар бири-биринин ой – пикирлерин угуу, баалоо көндүмдөрүнө ээ болушту.

Сабактын темасын аныктоо максатында экрандан көрсөтмөлүү сүрөттөр коштолуп турду. Окуучулардын теманы өздөштүрүүсү жазуу жана оозеки иштер аркылуу иш жүзүнө ашты.

Жыйынтыктоочу баалоодо (окуучулардын аракетине, активдүүлүгүнө карап,  «төрт» жана «беш» деген баа коюлду.

Сабактын жыйынтыгында эс алуу максатында оюн ойнотулду.

Рефлексия аркылуу окуучулар өз иш аракетин баалашты.Сабактын  жагымдуу болду. Окуучулар туура эмес жооп берүүдөн корккон жок. Жыйынтыктоо жүргүзүлдү. Пландаштырылган иштердин баары аткарылды.

Жалпысынан, сабак максатына жетти.

.